КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын экономикасын динамикалуу өнүктүрүү үчүн полиметаллдарды жана сейрек кездешүүчү жер элементтерин казып алуу боюнча улуттук долбоорду ишке ашыруу жөнүндө**

Технологиялардын тез өнүгүшү жана жогорку технологиялык түзүлүштөрдү өндүрүү үчүн зарыл болгон металлдардын ар кандай түрлөрүнө жана сейрек кездешүүчү жер элементтерине суроо-талаптын өсүшү менен өлкөнү ушул ресурстардын жеке булагы менен камсыз кылуу маселеси өтө маанилүү болуп эсептелет. Бул контекстте Полиметаллдарды жана сейрек кездешүүчү жер элементтерин казып алуу боюнча улуттук долбоорду (мындан ары – Долбоор) ишке ашыруу артыкчылыктуу милдет болуп калууда.

Полиметаллдардын жана сейрек кездешүүчү жер элементтеринин дүйнөлүк рыногуна жүргүзүлгөн экономикалык талдоонун натыйжалары боюнча азыркы убакта бул стратегиялык маанилүү ресурстарга суроо-талаптын туруктуу өсүшү байкалууда. Неодим сыяктуу сейрек кездешүүчү жер элементтери жогорку технологиялык түзүлүштөрдү, магниттерди, катализаторлорду өндүрүүдө колдонулат, ошондой эле аскердик жана космостук өнөр жай үчүн чечүүчү мааниге ээ.

Негизинен чектелүү сандагы өлкөдө жайгашкан полиметаллдарды жана сейрек кездешүүчү жер элементтерин жеткирүүчүлөр өсүп жаткан суроо-талапты камсыз кылууда кыйынчылыктарга туш болууда, бул үзгүлтүксүз жабдуу үчүн коркунуч жаратат.

Полиметаллдарды жана сейрек кездешүүчү жер элементтерин казып алууну өнүктүрүү улуттук ички дүң продуктунун өсүшүнө, жаңы технологияларды киргизүүгө жана кен казуу тармагында жана өз ара

005133*

байланышкан экономикалык тармактарда олуттуу сандагы жумуш орундарын түзүүгө өбөлгө болот.

Долбоорду ишке ашырууда Долбоорду мамлекеттик колдоонун натыйжасында ички жана тышкы инвестицияларды тартуу күтүлүүдө, бул экономикага, анын ичинде кен казып алуу райондорунда инфраструктураны өнүктүрүүгө оң таасирин тийгизет, бул транспорттук, энергетикалык жана социалдык чөйрөнү жакшыртууга алып келет.

Долбоорду ишке ашыруу полиметаллдарды жана сейрек кездешүүчү жер элементтерин казып алуу боюнча милдеттерди системалуу жана комплекстүү чечүүнү болжолдойт, ошону менен өлкөнү инновациялык тармактарды өнүктүрүү жана улуттук коопсуздукту бекемдөө үчүн зарыл болгон ресурстар менен камсыз кылат.

Долбоорду ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү максатында **токтом кылам:**

1. Долбоор Кыргыз Республикасынын жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү улуттук экономикалык долбоор (мындан ары – улуттук долбоор) катары ишке киргизилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

– улуттук долбоорду ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасынын базасында полиметаллдардын жана сейрек кездешүүчү жер элементтеринин кендерин өткөрүп берүү менен адистештирилген илимий-өндүрүштүк уюмду кластердик негизде түзсүн;

– заманбап геологиялык жана геофизикалык методдорду колдонуу менен полиметаллдардын жана сейрек кездешүүчү жер элементтердин потенциалдуу кендерин комплекстүү изилдөөнү жүргүзсүн;

– өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин азайтуу максатында металлдарды казып алуу жана кайра иштетүү процессине заманбап технологияларды киргизүү үчүн технологиялык компаниялар менен кызматташууну камсыз кылсын;

– улуттук долбоорду квалификациялуу персонал менен камсыз кылуу үчүн кен казып алуу иши жана металлдарды иштетүү жаатында адистерди окутуу программаларын түзсүн;

– улуттук долбоорду колдоо жана каржылоо үчүн республикалык бюджеттен каражаттарды бөлсүн;

– жеке компаниялардан, улуттук жана эл аралык инвестициялык фонддордон инвестицияларды активдүү тартсын.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2024-жылдын 22-январы
ПЖ № 5

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

---

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О реализации Национального проекта по добыче полиметаллов и редкоземельных элементов для динамичного развития экономики Кыргызской Республики

В свете стремительного развития технологий и растущего спроса на различные виды металлов и редкоземельные элементы, необходимые для производства высокотехнологичных устройств, критически важным является вопрос обеспечения страны собственным источником данных ресурсов. В этом контексте приоритетной задачей становится реализация Национального проекта по добыче полиметаллов и редкоземельных элементов (далее – Проект).

По результатам проведенного экономического анализа на мировом рынке полиметаллов и редкоземельных элементов в настоящее время наблюдается устойчивый рост спроса на эти стратегически важные ресурсы. Редкоземельные элементы, такие как неодим, применяются в производстве высокотехнологичных устройств, магнитов, катализаторов, а также имеют решающее значение для военной и космической промышленности.

Поставщики полиметаллов и редкоземельных элементов, в основном расположенные в ограниченном числе стран, сталкиваются с трудностями в обеспечении растущего спроса, что создает риск для непрерывного снабжения.

Развитие добычи полиметаллов и редкоземельных элементов будет способствовать росту национального валового внутреннего продукта, внедрению новых технологий и созданию значительного количества рабочих мест в горнодобывающей отрасли и связанных секторах экономики.

005134*

При реализации Проекта ожидается привлечение внутренних и внешних инвестиций в результате государственной поддержки Проекта, что также весьма положительно повлияет на экономику, в том числе и на развитие инфраструктуры в районах добычи, что приведет к улучшению транспортной, энергетической и социальной среды.

Реализация Проекта предполагает системное и комплексное решение задач по добыче полиметаллов и редкоземельных элементов, обеспечивая тем самым страну необходимыми ресурсами для развития инновационных отраслей и укрепления национальной безопасности.

В целях создания условий для реализации Проекта **постановляю:**

1. Запустить Проект как национальный экономический проект в сфере недропользования Кыргызской Республики (далее – национальный проект).

2. Кабинету Министров Кыргызской Республики:

– образовать на кластерной основе специализированную научно-производственную организацию на базе государственного предприятия «Кыргызгеология» при Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики для реализации национального проекта с передачей ей месторождений полиметаллов и редкоземельных элементов;

– провести комплексное исследование потенциальных месторождений полиметаллов и редкоземельных элементов с использованием современных геологических и геофизических методов;

– обеспечить сотрудничество с технологическими компаниями для внедрения современных технологий в процесс добычи и обработки металлов для повышения эффективности производства и снижения воздействия на окружающую среду;

– создать программы обучения специалистов в области горного дела и обработки металлов для обеспечения национального проекта квалифицированным персоналом;

– выделить средства из республиканского бюджета для поддержки и финансирования национального проекта;

– активно привлекать инвестиции от частных компаний, национальных и международных инвестиционных фондов.

3. Контроль за исполнением настоящего Указа возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

4. Настоящий Указ вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

№1
КАНЦЕЛЯРИЯ

г. Бишкек
22 января 2024 года
УП № 5